Ар бир окуу жылынын башталышында Райондук Билим берүү бөлүмүнө мектептин квалификациясын жогорулатууга муктаж мугалимдеринин тизмеси бекитилип берилет. Областтык билим берүү институтунун квалификацияны жогорулатуу семинарларынын графигине киргизилип мугалимдер квалификациясын жогорулатып келишет.КРнын жалпы билим берүү уюмдарынын предметтик стандарты боюнча 65 мугалим атайын курстан өтүштү, креативдүү окуудан 12 мугалим өтүп келди.

2016-2017-окуу жылында 15%

2017-2018-окуу жылында 20%

2018-2019-окуу жылында 25%

2019-2020-окуу жылында 28%

2020-2021-окуу жылында 100%


Мектептин мугалимдеринин кесиптик квалификациясын жогорулатуу үчүн беш жыл сайын жиберилет, андан сырткары тренингдерге , кыска мөөнөттүү квалификациясын жогорулатуучу окууларга барышат. Мектептин мугалимдеринин кесиптик квалификациясы боюнча камсыздалышы 100%.

Штат боюнча комплектование болгон. Бардык мугалимдердин билими билим берүү программасына шайкеш келет.

Мектептин иш алып баруусунун негизги максаты - мугалимдердин квалификациясын жана педагогикалык чеберчилигин курстар аркылуу жогорулатып туруу. Үстүбүздөгү окуу жылында курстан 6 мугалим өттү. Ал эми 2020-2021- окуу жылында 80 мугалим билимин жогорулатуу курсунан окуп келишти.

**Мугалимдердин билимин жогорулатуу курстарынан өтүшү**

| 2017-2018–окуу жылы | 2018-2019–окуу жылы | 2019-2020–окуу жылы | **2020-2021- окуу жылы** | **2021-2022- окуу жылы** |
|---|---|---|---|---|
| **21** | **21** | **21** | **22** | **22** |




**Графика 11**

Мугалимдердин курстан өтүшү мектеп администрациясы тарабынан өз учурунда мугалимдердин билимин жогорулатуу курстарына график боюнча убагында жиберип турuусуна байланыштуу болду. Мезгил мезгили менен курстан өтүп туруу натыйжасын берет.

АК-ТАЛАА РАЙОНДУК БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ

МУРЗАБЕК БАЛБАКОВ АТЫНДАГЫ ОРТО МЕКТЕБИ

АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОННЫЙ ОТДЕЛ ОБРАЗОВАННИЯ

СРЕДНЯЯ ШКОЛА ИМЕНИ МУРЗАБЕКА БАЛБАКОВА

**Буйрук**
**Приказ**

31-октябрь 2022-жыл. | № 18 | Ак-Чий айылы.

**Биология мугалими Мамбеталиева Анаркүлдү билимин жогорулатуу үчүн курска жиберүү жөнүндө**

Мурзабек Балбаков атындагы орто мектебинин биология мугалими Мамбеталиева Анаркүлдү Сатыбалды Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин алдындагы мугалимдердин билимин жогорулатуу жана адистерди кайра даярдоо борборунан график боюнча 31-октябрдан 13-ноябрга чейин курстан өтүп келүү жөнүндө **буйрук кыламын:**

1. Мамбеталиева Анаркүл биология предмети боюнча 31-октябрдан баштап 13-ноябрга чейин билимин жогорулатуу боюнча курска жиберилсин.

2. Мамбеталиева Анаркүлдүн сабактары алмаштырылып башка мугалимге убактылуу берилсин.

3. Курстан өтүү боюнча акча каражатын төлөп берүү жагы Ак-Талаа райондук билим берүү бөлүмүнүн бухгалтериясынан суралсын.

4. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагы окуу бөлүмүнүн башчысы Ч.Токоловага тапшырылсын.

Директор: А.Дөөлөтбеков

Аткарган: С.Тасмабаева
Жиберилди: иш кагаздарына,бухгалтерияга